**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

13.10.2023-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XXIII -сессиясынын**
## №1 -ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетин 2023-жылдын 9 айына бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 117-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахманолиевтин 2023- жылдын 9 айына карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын маалыматын угуп, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXIII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын 2023-жылдын 9 айына карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү төмөндөгүдөй бекитилсин.

а) Киреше бөлүгүнүн 7000,0 миң сом, жана максаттуу трансфер 1359,5 миң сом жалпысы болуп 8359,5 миң сом түшкөн акча каражаты киреше бөлүгүнө бекитилсин.
б) Мэрия имаратын ремонттоо үчүн 1000,0 миң сом.
в) Унаа токтоочу жай куруу үчүн 1600,0 миң сом.
г) Курулуш, жол жана транспорт департамент ишканасына эмеректер сатып алуу үчүн 400,0 миң сом.
д)Муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин кызматкерлеринин эмгек акысы үчүн 2073,0 миң сом.
ж) Жакыр үй-бүлөлөргө материалдык жардам үчүн 100,0 миң сом.

з) Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн 100,0 миң сом.

и) №11 М.Алыкулов мектебине көмүр сатып алуу үчүн 200,0 миң сом.

й) Мамлекеттик пошлина үчүн 100,0 миң сом.

к) Беш бадам айылына бала бакча курууга долбоор даярдоо үчүн 300,0 миң сом.

л) Базар-Коргон шаар мэриянын алдындагы "Таза Суу" ишканасына Жети Кошкон айылына таза суу тартуу үчүн 1000,0 миң сом.

м) Э. Аралов көчөсүндөгү көп кабаттуу үйлөрдү жана №34 Чолпон бала бакчасын саркынды сууларын борбордук саркын суу каналына туташтыруу үчүн 450,0 миң сом.

н) Сейдикум чек ара кызматкерлерине мончо курууга материалдык колдоо үчүн 50,0 миң сом.

о) Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын күз кыш мезгилине даярдоо үчүн 2000,0 миң сом.

п) Жалпысы болуп 9373,0 миң сом акча каражаты өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилип,жогоруда көрсөтүлгөн жумуштар үчүн ажыратылып берилсин.2023-жыл ичинде үнөмдөлгөн акча каражаттары Базар-Коргон шаар мэриясы тарабынан керектүү көйгөйлүү чыгымдарга бекитилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад облусттык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XXIII-сессиясынын**
**№2-ТОКТОМУ**

13.10.2023-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетине 2023-жылдын 9 айына карата өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесин, 117-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алып, 15.09.2023-жылкы чыгыш №01-17/950 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун кайрылуусу жана Базар-Коргон шаардык кенешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXIII- сессиясы **токтом кылат :**

**1.** Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчисинин берген билдирүүсүнүн негизинде 2023-жылдын 9 айына карата жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

а) Максаттуу трансфер +1359,5 миң сом

б) 70629-разделдин 2511-статьясына +800,0 миң сомго

в) 70629-разделдин 2221-статьясына +559,5 миң сомго

Жалпысы болуп +1359,5 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

**2.** Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XXIII-сессиясынын**
**№3-ТОКТОМУ**

13.10.2023-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетине 2023-жылдын 9 айына карата өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 117-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXIII- сессиясы **токтом кылат :**

**1**. Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчисинин берген билдирүүсүнүн негизинде 2023-жылдын 9 айына карата жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

а) Киреше салык +3000,0 миң сомго
б) Патентте негизделген салык +3000,0 миң сомго
в) Айыл чарба эмес жер салык +1000,0 миң сомго

Жалпысы болуп +7000,0 миң сом акча каражаты төмөнкү разделдерге бөлүнсүн

а) 70111 - разделдин 2215-статьясына +400,0 миң сомго
б) 70111 - разделдин 2721-статьясына +250,0 миң сомго
в) 70111 - разделдин 3112-статьясына +400,0 миң сомго
г) 70629 - разделдин 2511-статьясына +950,0 миң сомго
д) 70629- разделдин 3111-статьясына +3000,0 миң сомго
ж) 70911- разделдин 3112-статьясына +1000,0 миң сомго
з) 70921- разделдин 3112-статьясына +1000,0 миң сомго
Жалпысы болуп +7000,0 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика,ишкердикти колдоо, транспорт,стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XXIII-сессиясынын**
**№4 -ТОКТОМУ**

13.10.2023-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон жайыт комитетинин кызматкерлеринин эмгек акысын көтөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январынын №30 (Жайыттар жөнүндө) мыйзамынын 4-беренесин аткарууга алып, Базар-Коргон жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Б.Көчөровтун 2023-жылдын 9-октябрындагы №6 сандуу кайрылуусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXIII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон жайыт пайдалануучулар бирикмесинин аткаруу органы болуп саналган Базар-Коргон жайыт комитетинин кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатууга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Б.Көчөровго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика,ишкердикти колдоо, транспорт,стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXIII-сессиясынын**

**№5 -ТОКТОМУ**

13.10.2023-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын айыл чарба жерлеринин мамлекттик фондунун жерлерин ижара акысын көтөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу ТИПТҮҮ ЖОБОнун" 21-39-40-пункттарына негиз, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча түзүлгөн комиссиянын 2023-жылдын 2-октябрындагы №4-протоколуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXIII- сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Базар-Коргон шаарынын мэриясынын айыл чарба жерлеринин мамлекттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча аукционго коюлуучу жерлердин баштапкы ижара акылары төмөндөгүдөй бекитилсин.

**I Сугарма жерлер боюнча:**

а) Биринчи категориядагы бир гектар жерге - 10 000 (он миң) сом.

б) Экинчи категориядагы бир гектар жерге - 8 000 (сегиз миң) сом.

**II Кайракы жерлер боюнча:**

а) Биринчи категориядагы бир гектар жерге - 2 000 (эки миң) сом.

б) Экинчи категориядагы бир гектар жерге - 1 000 (бир миң) сом.

**2.** Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.

**3.** Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаарынын мэриясынын айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча түзүлгөн комиссиянын төрагасы Н.Мажиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**